## *С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу орто мектебинин 2019-2020-окуу жылына карата жүргүзүлгөн иштердин анализи*

*2019-2020-окуу жылында окуу тарбия иштери окуучулардын билим деңгээлинин сапаттуулугун жогорулатуу жана ар тараптан жетилген инсанды этнопедогогикалык жактан тарбиялоо деген максат жүргүзүлүүдө.*

*Мектепте 10 класс комплектелген, ар бирине класс жетекчилер бекитилген.*

*Класс жетекчилердин мектеп бирикмелери түзүлүп, жылдык план иштелип чыгып, заседаниелер өткөрүлүп турду. Тарбиялоонун Концепциясынын негизинде иш жүргүзүлдү. Окуучулар менен тарбия ишин алып баруунун мектеп окуучулары Кыргыз Республикасынын «Билим берүүдөгү мыйзамын», «Кыргыз Республикалык үй бүлөлүк кодексинин », «Өспүрүмдөр арасында укук бузу жана кароосуз калууну алдын алуу системасынын негизи», Билим Берүү Министрлиги тарабынан жоболордун көрсөтмө буйруктардын тарбиялык ишине нормативдик укуктук документтердин жана мектептин уставын жетекчиликке алды.*

### *Тарбиялык иштердин жүрүшүндө 2019-2020-окуу жылына төмөндөгүдөй максаттын негизинде тапшырманы аткаруу боюнча иштер жүргүзүлдү:*

- *Мектептин уставына ылайык тарбиялык иш уюштуруу;*
- *Окуу процессинде окуучуларга тарбиялык системаны эффективдүү түзүп берүү;*
- *Өзүнө болгон ишенимдүүлүк, адамдар менен баарлаша билүү. Чечим кабыл алуужана алдыга максат коюу сыяктуу жеке сапаттарды жакшыртуу;*
- *Саламаттыкты сактоо боюнча маанилүү маселелер тууралуу окуучуларга маалымат берүү;*
- *Мектептеги «Ынтымак» парламентинин ишин жөндөө;*
- *Балдардын ден-соолугуна кам көрүү жана сактоо боюнча уюштуруу;*
- *Улуттук- нормативдик документтин жана улуттук программанын ишин жөндөө;*
- *Класс жетекчилердин чогулуштарын жана семинарларын уюштуруу;*
- *Мектептин класс жетекчилердин, ата-энелердин иштерин көзөмөлдөө жана иш алып баруу ;*
- *Мектептин дежурствосун уюштуруу;*
- *Ички иштер жана саламаттыкты сактоонун өкүлдөрү менен байланышта иш алып бару;*
- *Окуучулардын жана мугалимдердин арасындагы маданий массалык жана спорттук иштерин жүргүзүү;*
- *Күндөлүктөрдүн абалын көзөмөлдөө;*
- *Мектептен тышкаркы билим берүү мекемелери менен байланыш;*

- *Окуу планынын дене-тарбия, эмгек, сүрөт, черчение предметтери юоюнча мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү жана окутуу сабактарын көзөмөлдөө.*

***Аламүдүн районунун элге билим берүү бөлүмүнүн мектептеринин С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу орто мекебинин тарбия иштеринин негизги максаты:***

- *Окуучуларды инсандык өнүгүүсүн калыптандыруу;*
- *Улуу муундар тарабынан коомдук-тарыхый тажрыйбалардын жаш муундарга, жана аларды турмушка жана эмгекке даярдоо максатында өткөрүлүп берилиши;*
- *Иш аракетти уюштурууга жаңы технологияларды киргизүү;*
- *Мугалим менен окуучунун биргелешкен иш аракети. Анын жүрүшүндө адамдын билим алышы , тарбияланышын, өнүгүшүн ишке ашыруу;*
- *Ата-эне, окуучу, мугалим программасынын негизинде ата-эне менен мугалимдин кызматташтыгын жакшыртуу.*
- *Мектеп ичинде конкурстарды өткөрүүдө окуучулардын кызыгуусун арттыруу;*
- *Улуу педагогиканын негизинде ар тараптан өнүккөн инсандык проблемасынын үстүндө иштөө.*

*Аламүдүн райондук элге билим берүү бөлүмүнүн мектептердин тарбия иштеринин планына ылайык ар бир айда төмөнкү иштер багыттар боюнча жүргүзүлдү:*

*2019-2020-окуу жылы*

| *№* | *Айлар* | *Айлыктар* |
|---|---|---|
| *1.* | *Сентябрь* | *Толеранттуулук, жолдо жүрүүнүн эрежелери* |
| *2.* | *Октябрь* | *Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча . Интернационалдык тарбия берүү* |
| *3.* | *Ноябрь* | *Ден соолук айлыгы* |
| *4.* | *Декабрь* | *Эстетикалык тарбия берүү* |
| *5.* | *Январь* | *Атуулдук тарбия беру* |
| *6.* | *Февраль* | *Көп маданияттуулукка тарбиялоо* |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | Март | Адеп-ахлактык тарбия |
| 8. | Апрель | Эмгек жана экологиялык тарбия |
| 9. | Май | Патроиттулукка тарбиялоо |

*Жогоруда айтылган 9 багыттын негизинин натыйжасында окуучуну мадаништуулука эл жерин сүйгөн инсандыкка тарбиялоо, чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү, нравалык сапаттарын калыптандыруу, музыкага болган кызыгуусун арттыруу жана оптималдуу ыкма табууга өнүктүрүү болуп саналат.*

*1-сентябрь «Билим күнүнө » күнүнө карата « Мектепке кош келиңиздер» аттуу салтанаттуу линейка өткөрүлдү. Жана ар бир класска «Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү» жылына карата "Менин досум компьютер" деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.*



*Граждандык коргонуу боюнча жумалык өткөрулду . Машыгуулар жүргүзүлдүү. Коопсуздук эрежелери түшүндүрүлүп ар бир класска тарбиялык иштер өтүлдү. Эвакуация бекитилип ар бир кабинетке илинди.*

***9-сентябрь «Комуз күнү» деп белгиленип,  Жана мектепте да комуз кунуно карата иш чаралар өткөрүлдү.***




***26-сентябрь тил майрамына карата « Мамлекеттик тилге 30 жыл»***
*деген темада кыргыз тил мугалими Мейманбекова А. кече уюшурду. Кечеге райондон, областтан. Айыл тургундарынан коноктор  чакырылды.*

*10-сентябрь күнү «Мамлекеттик тил - бүгүнкүнүн данекери» деген  темада майрамдык кече өткөрүлдү.  Программада:*

*1) Манас айтуу*

*2)  кыргыз элинин макал ылыкаптары жана табышмактары*

*3) Поэзия дүйнөсү*

*4) Кыргыз ыр, бийлери.*


*5) Кыргыздык улуттук оюндары  ойнотулду*




**2019-2020-жылдагы мамлекетибиздин ар кыл тармактан өнүгүүсүнө зор салымын кошкон инсандарды эскерүү, юбилейдик датасы биздин мектепте да белгиленди**

*Ч.Базарбаев Кыргыз балетинин жылдызы быйыл 70-жашка толмок.*

*Инсандын өмүр баяны*









Кыргыздын мыкты сүрөтчүсү жана белгилүү киноактер Сүймөнкул Чокморовдун 80 жылждыгына арналган иш чара . Чокуморовдун бир тууганы Сүөркул Чокморов жубайы менен конокто.




***Мамлекеттик ишмер Турдакун Усубалиевдин 100 жылдыгына арналган иш чара .***




***Октябрь айында «Элдик апрель революциясынын 10 жылдыгы белгиленди».*** *Элдик баатырларды эскерүү линейкасы уюштурулду. Андан тышкары 8-11- класстын окуучуларын «Ата Бейит» комплексине экскурсияга алып бардык.*







*Окуучуларды «Ата-Бейит» комплексине экскурсия ;* *9-май коллектив*






***ИДН менен иш алып баруу***

**Класстан тышкаркы иш-чаралардын саны:**

| № | | Сен. | Окт. | Ноя. | Дек. | Янв. | Фев. | март | Апр. | май | Бар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Тарб.саатттар | 15 | 6 | 8 | 8 | 2 | 6 | 7 | 4 | 4 | 60 |
| 2. | семинарлар | | | | | | | | | | - |
| 3. | Тегерек стол | 3 | 3 | 3 | 3 | - | 1 | 2 | 1 | - | 16 |
| 4. | диспут | - | 1 | 1 | 1- | - | - | - | 1 | - | 4 |
| 5. | доклад | 2 | 2 | 2 | 3 | - | 2 | 1 | 2 | 1 | 15 |
| 6. | лекция | 3 | 4 | 3 | 2 | 1 | 2 | 1 | 3 | 1 | 20 |
| 7. | Ата-э чогулушу | 1 | | 1 | 1 | 1 | | | 1 | 1 | 6 |
| 8. | жолугушуулар | 1 | | | 2 | | | 2 | | 1 | 6 |
| 9. | Пед.совет | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 10 |
| 10. | МБ декадалар | | | 1 | | 1 | | 1 | | 1 | 4 |

МБ- метод бирикме.

Класстан тышкаркы иш-чаралар боюнча мониторинг




Мониторингдин боюнча быйылкы жылы тарбиялык иштер былтыркы көрсөткүчтөргө караганда жакшы жака жылыш бар, класс жетекчилер ачык тарбиялык саатарды көп өтүштү, линейка сайын тематикалык кыскача докладдар окулуп, тегерек столдор көп өтүлдү.

## Мектеп ичинде көзөмөлдөө жүргүзүүнүн натыйжалары.

Сентябрь айында мектептин класс жетекчилери тарбиялык журнал толук камсыз болушту. Тарбиялык журналдар жума сайын тешерилип турду.

| № | Тарб.иштин аталышы | 1-кл | 2-кл | 3-кл | 4-кл | 6-кл | 7-кл | 8-кл | 9-кл | 10-кл | 11-кл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Тарб.сааттар | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| 2. | Ата-энелер чогулушу | 6 | 4 | 5 | 4 | 4 | 4 | 4 | 6 | 4 | 6 |
| 2. | Чогулуштардын токтому | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| 3. | Ата-эне менен жеке иш алып баруу | 12 | 11 | 14 | 16 | 8 | 8 | 11 | 17 | 9 | 7 |
| 4. | Окучу мн жеке иш алып баруу | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| 5. | Техн. Кооп. Эрере | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| 6. | ЖЖЭ | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |

Жол кыймылынын коопсуздугун сактоо боюнча тарбиялык сааттар 1-11-кл. өткөрүлүп турду. 1-4-кл « Светофор сүйлөйт!» деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү .1-класстын жетекчиси Жумалиева Жылдыз «Кызыл,сары,жашыл» аттуу тарбиялык саат өткөрүп,сабактын максатына жетти деп эсептейм, себеби окуучулар жол эрежелерин өздөштүрүп, сабакта жол эрежелери боюнча сценка көрсөтүштү, балдар кызыгуу менен катышышты.Жана мугалим техникалык каражаттарды да колдонуп балдарга экран аркылуу да көрсөтмөлөрдү көрүштү.

## Мектепте төмөнкү ийримдер иштейт:

- Баскетбол
- Волейбол
- Бий
- Эркин күрөш

Төмөнкү ийримдер боюнча жыйынтыктар:

| № | Аталышы | Катышкан турнир | Ээлеген орду | Өтүлгөн убагы | Аты-жөнү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Баскетбол | Райондук(кыздар) | 4 | ноябрь | 8-9-кл |
| 2. | Волейбол | Райондук(балдар) | 3 | февраль | 9-11-кл |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | *Баскетбол* | *Райондук(кыздар)* | *4* | *ноябрь* | *8-9-кл* |
| 2. | *Волейбол* | *Райондук(балдар)* | *3* | *февраль* | *9-11-кл* |
| 3. | *Бий* | *«Мен кыргызстандыкмын, ошону менен сыймыктанам» райондук* | *1* | *март* | *Русланова Бегимай* |
| 4. | *Эркин күрөш* | *Спартакиада школьников Чүйской обл.* | *41 салмакта 3* | *май* | *Абдугапаров Дөөлөт* |

*Мектепте дене тарбия мугалими Шекербеков Т.М. жетектеген «Кыздар» жана «Балдар» командалары волейбол жана баскетбол ийримдерине катышып, зоналык жана райондук мелдештерден өздөрүн жакшы көрсөтүштү. Андан тышкары күрөш боюнча да жакшы жыйынтыктар болду .*



*Русланова Бегимай «Мен Кыргызстандыкмын,ошону менен сыймыктанам» аттуу конкурста «Испан бийи менен» райондук конкурста эң жакшы деңгээлге чыкты .*

***Мектепке быйыл комуз ийрими ачылды . «Устат шакирт» борбору менен иштешип жатабыз. Кемелова Перизат жетектеген бул ийрим жакшы жыйынтык берди.***



***Мектепте тарбиялык сааттар 3 багытта иштейт:***

- ✓ *«Укук бузуунун алдын алуу»*
- ✓ *«Балдардын укугун алдын алуу»*
- ✓ *«Сергек жашоонун мүнөзү»*


## *«Укук бузуну болтурбоонун алдын алуу»*

***«Укук бузуну болтурбоонун алдын алуу»*** *боюнча мектепте төмөнкү иш чаралар жүргүзүлдү.*

*Жаңы окуу жылынын башында укук бузууларды жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча 6 мүчөдөн турган кеңешме түзүлдү.*

*Окуу жылдын башында класс жетекчилер тарабынан класстын социалдык паспорттору жана класстык паспорттор түзүлдү. ИДН кызматкери менен бирдикте иштөө жүргүзүлдү. 2018-2019 окуу жылында ИДН Калашов окуучулар менен иш алып барды, ал ар ай сайн келип, класс жетекчи , уюштуруучу, соц.пед. менен биргеликте рейд жүргүзүп, лекция окуп тпртиби оор балдар менен жеке сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Иш жүзүндө тартиби оор окуучулар 9-класстын окуучусу Ниязбеков Ардакка эскертүү берилди. 8-класстын окуучусу Ашыров, Бекболотов, Абаскановко эскертүүлөр берилди. Бул окуучулар сабакты коп калтырып, тартиптери начар окуучуларга кирет. Жалпысынан мектеп окуучулары тартиптүү, тынч жүрүшөт.*

*Ошондой эле ата-эне менен тыгыз байланышта иш жүрүп жатты. Мектеп каттоосунда «тобокел» тобундагы балдар жок. ИДН катоосунда да жок. Класс жетекчилер тарабынан ар бир айда «укук бузууларды» жана кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча тарбиялык саатар, аңгемелешүүлөр жүрүп жатты.*




*Каникул учурунда «Жаш өспүрүм» деген рейдер жүргүзүлүп турду.*

*Ата-энелердин укук бузууларды болтурбоо боюнча чогулуштар өтүлдү.*

*«Мектеп рэкети», «Суицид» деген темада чакан тегерек столдор , аңгемелешүүлөр жүрдү жана анкеталар алынды.*

*«Каныкей» кыздар советинин иштери  активдүү жүрдү. Жана кыздар совети боюнча план иштелип чыкты .Жана арбир айда 1-2 жолу  чогулуш  болуп турду.*

*« Эрте күйөөгө чыгуунун кесепеттери» , «Кызга кырк үйдөн тыйуу», «өздүк гигиенаны сактоо» деген темаларда аңгемелешүүлөр болду.*

*Октябрь айынын экинчи жарымында укук бузу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча дубал гезиттер чыгарылды*

## «Балдардын укугун коргоо»

*Балдардын укугун коргоо боюнча жыл ичинде төмөнкү иштер жүргүзүлдү:*

- ✓ *Окуу жылынын башында укуктук нормативдик документтердин негизинде балдардын укугун коргоо боюнча аткарыла турган иштер жүргүзүлүп келди.*
- ✓ *Август айынын учету боюнча балдардын тизмеси такталды.*
- ✓ *Айдын ичинде «балдардын укугун коргоо» деген темада окуучулар үчүн маалыматтар илинди.*
- ✓ *Сүрөт мугалими Сагынбеков Болот Мыктыбекович тарабынан « балдардын өздүк көргөзмөлөрү» деген темада окуучулардын жеке чыгармаларынан көргөзмө уюштурулду.*
- ✓ *Аз камсыз болгон балдарга РООдон жана Айыл өкмөтүнөн майрамдарда көңүл бөлүнүп белектер берилди.*
- ✓ *1-июнь «Балдарды коргоо» күнүнө карата атайын иш чара уюштурулат. Иш чарада оюн зоок, ыр бий, асфальт бетине сүрөт тарттырылды . Жеңүүчүлөргө белектер таркатылды.  Демөөрчүлөр  жана айыл өкмөтү тарабынан   таттуулар , оюнчуктар, балмуздак таркатылды.*

*Мектеп ичинде 8-11-класстардан түзүлгөн «Ынтымак »парламенти активдүү иштешти.Парламенттин президенти 9-класстын окуучусу  Нурбек кызы Айсулуу өзүнүн  парламентин  так жана активдүү жетекдеди. Парламент тарабынан ар бир майрамга карата конкурстар, концерттер өткөрүлдү. Андан тышкары «Тимурчулар командас» каралар күнүндө топ-топко бөлүнүп ар бир карыянын үйүнө барып жардам беришти.*

*Жана ошондой эле мектептин тегерегин тазалоодо да активдүү иш алып барышты.*

*Иш чаралардын графиги*

| № | Иш-чаранын аталышы | Өтүлгөн убактысы |
|---|---|---|
| 1. | «23-сентябрь мамлекеттик тил күнү» | сентябрь |
| | «Карысы бардын ырысы бар» тимурчулар | |

| | | |
|---|---|---|
| 2. | командасы | октябрь |
| 3. | «Мугалим- алтын чырагым» мугалимдер күнү | октябрь |
| 4. | «Алтын күз» майрамы | ноябрь |
| 5. | «Биз СПИДке каршыбыз» акциялык кече | декабрь |
| 6. | «Жаңы жылдык балаты» | декабрь |
| 7. | «Ата-Мекенди коргоо» конкурс | февраль |
| 8. | «Интернационалдык милдет» | Февраль |
| 9. | «Кана эмеси кыздар» конкурс | март |
| 10. | «Нооруз кылым майрамы» | март |
| 11. | «9-май улуу Ата мекендик жеңиш күнү» | май |

*2019-жылдын 2-июнунан баштап 1-4-класстарга жайкы лагерь уюштурулду. Лагерде кол өнөрчөлөк, кыргыздын улуттук оюндары, ыр- бийлер уюштурулду. Жана компот булочка берилип жатты. Лагердин убактысы 9.00-12.00.*

## *«Сергек жашоонун мүнөзү»*

*Окуу жылынын башында класс жетекчилер тарабынан окуучулардын форма 63 справкасы такталып толукталды. Ар бир класста ден-соолук бурчу түзүлүп маалыматтар илинди. 1-4-класстардын окуучуларына «Мерсико» уюму менен биргеликте мамлекет тарабынан ысык тамак уюштурулду. Ысык тамака жетпеген азык-түлүктөрдү ата-энелер өз ыктыярлары менен алып беришти. Мектеп окуучулары мектептин ийримдерине катышып жатышты. Окуу жылынын башында мед.кызматкери Джумагулова Н. окуучуларды мед кароодон өткөрдү. Ден соолугу начар балдарды, смисалы: аз кандуу, көзү жакшы көрбөгөн. тиши ооруган ж.б ушу сыяктууларга мед.кароодон толук түү боюнча раондук ооруканага багыттама жазып берди.*

*Эркек адамдардын ден-соолугун чыңдоо максатында «Приведи отца» акциясы жүргүзүлдү.*

*«Балдардын ден соолугу- келечеги үчүн» деген темада ата-энелер менен иштөөлөр жүргүзүлдү. Ноябрь –декабрь айларында да класс жетекчилер «жугуштуу эмес оорулар» тууралу тренинг сабак өтүштү. Жана ал тууралуу маалыматты Райондук мед. Борборго отчет берилди. Андан тышкара «насвайдын, тамекинин зыяндуулугу », «Аракечтик улутту жок кылат» деген темаларда видеофильмдерди корсотту. Декабрь айында мектеп ичинде тарбиялык саатар өткөрүлүп, стенд газеталар чыгарылды. Бирок, райондук конкурска катыша албай калдык эмки окуу жылында катышканга даярдык көрөбүз.*

*«Бүткүл дүйнөлүк туберкулезго каршы» күнүнө карата тарбиялык саатар диктант жаздырылды. Жана райондук конкурска катышып «Эң мыкты сценка»*

*номинациясына ээ болдук . Эмки жылы андан да жакшы ийгиликке аракет кылабыз.*

*Башкара-Суу орто мектебинде МП жаш өспүрүмдөр менен иштөөлөр активдүү болду. Мектеп ичинде «Каныкей кыздар» совети, «Эр жигит» балдар совети «Тимурчулар» командасы, «экология» тазалыкты көзөмөлдөө десанттар уюму иштеди. Кыздар,балдар совети ар бир айда бир жолу жыйналыш өткөрүшүп, талкуулар, аңгемелешүүлөр уюштурулуп турат. Тимурчулар командасы өзгөчө карылар күнүнө карата ар кандай иш чараларды аткарышты. М: айылдагы кары-картаңдарга, жалгыз жашаган ата-апаларга үйлөрүнө барып физикалык жактан жардам беришти.*

*2020-ж Балдарды коргоо жана колдоо , Региондорду өнүктүрүү жылына карата план иштелип чыгып, план боюнча иштер аткарылды.Мектептин өнүгүүсүнө демөөрчүлөр, айылдын жаштар коому тарабынан 10 компьютер алынды; Мектептин ашканасы ондолуп, жаны техника каражаттары орнотулду . РОО тарабынан 2 телевизор, проектор экраны менен,ноотбук берилди . Жана мектепке интернет киргизилди. Жана башка көптөгөн жаңылануу иштери жүрдү.*

*Тарбиялык саатар жана ачык сабактар интерактивдүү ыкма менен өткөрүлүп жатты .*

*Февраль айында уюштуруучулардын р айондук семинар өткөрүлдү. Семинарды мектептин уюштуруучусу Кебекчиева Мирзада Калыбековна өткөрдү . Семинардын темасы «Балдарды ар тараптан колдоо» болду . Келген комиссия эң жакшы деп баалап кетти.*

***«Улуу Жеңиштин 75-жылдыгына» карата онлайн түрүндө тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Окуучулар сабактарга активдүү катышышты.***

***Жыл ичинде жетишпегендиктер да болду :***

- *Биз Райондук деңгээлдеги «СПИДке каршыбыз» конкурсуна катышып бирок орунга ээ болбой калдык келээрки окуу жылында орунга жеткенге аракет кылабыз.*
- *Мектеп ичинде музыкалык аспаптар ийриминен тышкары актердук чебекрчилик ийримин да ачсак жакшы болор эле.*
- *ЮИИД конкурсуна дагы деле форманын жоктугуна байланыштуу катыша албай калдык , буйруса демөөрчү чыкса кийим тиктирүү оюбузда;*

*Кийинки окуу жылына жетишпеген иш-чараларга карата пландар иштелип чыгууда.*

*Уюштуруучу:* [signature] *Кебекчиева М.К.*